*“Бекитемин”*
*ОшМУнун ректору,*
*профессор Кожобеков К.Г.*
*____________________2021-ж.*

***Ош мамлекеттик университетинин “Философия жана политология” жана “Социалдык иштер” кафедраларынын кеңейтилген жыйынынын №6 протоколунан***
***К Ө Ч Ү Р М Ө***

***Ош шаары, 2021-жылдын 25-февралы, И. Монуев көчөсү, 35 д, 410-каана.***

***Катышкандар:***

1. Курбанбаев К.А. – филос.и.к., доцент – кеңейтилген жыйындын төрагасы;
2. Жаркынбаев Т.Ж. – т.и.к., доцент – социалдык иштер кафедрасынын башчысы;
3. Шарипова Э.К. – филос.и.д., профессор;
4. Меңдибаев Н. – социол. и.д., профессор;
5. Исаков К.А. – филос.и.д., профессор;
6. Акматов Ө.С. – филос.и.к., доцент;
7. Турдубаева Э. – социол.и.к., доцент;
8. Матаев К.А. – филос.и.к., доцент;
9. Аматова Г.У – филос.и.к., доцент;
10. Итигулова Ж.К. – филос.и.к., доцент;
11. Токоева Г.А. – филос.и.к., доцент;
12. Абдылдаев Ж.А. – филос.и.к., доцент;
13. Түмөнбаева. – социол.и.к., доцент;
14. Орозбаева А.Р – юр.и.к.доцент;
15. Карашева Н. – филос.и.к., доцент,
16. Рустамова Д.А. – социол.и.к., доцент;
17. Маткаримов Н. – социол.и.к., доцент;
18. Кочкорова Д.А. – филос.и.к., доцент;
19.Токторбекова Н.А. – тарых. и. к., доцент;
20. Ахмеджанова А.М – доцент;
21. Юсупов О.К. – улук окутуучу;
22. Акаев А.А. – улук окутуучу;
23. Базаркулова Т.А. – окутуучу;
23. Раимбердиева А.А. – окутуучу;
24. Эшеналиева Д.Т. – окутуучу;
25. Бойтоева С.С. – окутуучу;
26. Ысманова Г.С. – катчы.

***Күн тартибинде:***

1. ОшМУнун юридика факультетинин "социалдык иштер" кафедрасынын изденүүчүсү Камчибекова Саипжамал Молдошовнанын "Жарандык иденттүүлүктүн абалы жана келечеги: социологиялык өңүттө" аттуу 22.00.04. – "Социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер" адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин талкуулоо. Илимий жетекчиси – философия илимдеринин доктору, профессор К. Исаев.

***Угулду:***

***Жыйындын төрагасы Курбанбаев К. – филос.и.к., доцент:*** – Урматтуу коллегалар, бүгүн сиздердин назарыңыздарга илимдин кандидаттыгына талапкер, "социалдык иштер" кафедрасынын изденүүчүсү Камчибекова Саипжамал Молдошовнанын "Жарандык иденттүүлүктүн абалы жана келечеги: социологиялык өңүттө" аттуу кандидаттык диссертациясы талкууга коюлуп олтурат. Белгиленген диссертациялык тема "социалдык иштер" кафедрасынын 2012-жылдын 20-ноябрындагы отурумунда (№2 протоколунда), юридика факультетинин Окумуштуулар кеңешинин №2 протоколунун негизинде, ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин 2012-жылдын 28-ноябрындагы жыйынын №3 чечиминин негизинде каралып бекилген. Илимий жетекчиси: философия илимдеринин доктору, социология профессору Исаев Кусеин Исаевич. Аталган диссертациялык иш боюнча баарыңыздарды талкууга чакырамын. Анда эмесе, алгачкы сөздү диссертант С.М. Камчибековага берели.

***Камчибекова С.М. - изденүүчү:***

- Урматтуу бүгүнкү жыйындын катышуучулары, окумуштуулары жана профессордук-окутуучулук курам! Сиздердин назарыңыздарга "Жарандык иденттүүлүктүн абалы жана келечеги: социологиялык өңүттө" деген кандидаттык диссертациялык ишимдин кол жазмасы сунушталып олтурат.

Көп улуттуу Совет өлкөсүнүн кыйрашы жана XXI кылымдын негизги чакырыгы болгон ааламдашуу процесси ар бир улуттун өз алдынча этномаданий, жарандык, социалдык ж.б. иденттүүлүктөрүн аныктоо муктаждыгын шарттады. Постсоветтик мейкиндикте жаңыдан пайда болгон ар бир өлкө жарандык иденттүүлүктүн өзөгүн түзгөн өзүнүн улуттук тилин, менталитетин, каада-салтын сактап калуу үчүн изденип, мамлекеттик жана жарандык коом деңгээлдеринде тиешелүү иш-аракеттерди жасап жатышат.

Азаттыкка умтулуу жана ааламдашуу процесси инсандын жашоодогу баалуулуктарын өзгөртүп, турмуштук максаттарын, жашоо образын, дегеле коомдун өнүгүү нугун алмаштырып, коомдо «эски» жана «жаңы» деген түшүнүктөрдүн карама-каршылыгын курчутту. Советтик иденттүүлүк эски катары таанылып, "Кыргыз жараны" иденттүүлүгү жаңылык катары калыптана баштады.

Кыргызстан эгемендүүлүктү алганына 30 жылга жакындады. Өлкөбүз терс жана оң мүнөздөгү түрдүү социалдык-саясий, экономикалык, маданий, диний терең процесстерди башынан өткөрдү. Алардын кээ бирлери дале уланып, аягы көрүнбөйт. Кыргызстанда системалуу улуттук идеологиянын жоктугу тургундардын аң-сезиминдеги жарандык сезимди ойготпой жаткандыгы менен байланышта десек жаңылышпайбыз. Мамлекеттик бирдиктү, күчтүү идеология болбогондуктан, жаштардын гана эмес, чоңдор арасында да түрдүү жарандык иденттүүлүктөр пайда болду. Жаштар үй-бүлөдө алган тарбиясынан тартып, мектепте жана жогорку окуу жайларда алган билимдери аркылуу дүйнөнү кабыл алуу, таануу жагынан түрдүү көз караштарда калыптанып жатышат. Жогоруда белгиленгендей, азыркы учурда совет доорунда гүлдөп-өнүккөн деңгээлге жеткен «советтик иденттүүлүк», коммунисттик идеология бүгүнкү күндө өз күчүн жоготту. Натыйжада Кыргызстанда да, эркиндикке жеткен башка советтик республикалардагыдай, «идеологиялык боштук» пайда болду. Бул боштукту толтурууда түрдүү диний ишенимдер жана ааламдашуу процесси аркылуу таралып жаткан батыштык баалуулуктар таасирдүү ролду ойноп жатат.

Ааламдашуу шартында бүтүндөй адамзат коому социалдык, саясий, экономикалык, маданий жактан өзгөрүүгө дуушар болду. А түгүл, бир эле коомдо жашаган улуу жана жаш муундардын ортосунда муундар аралык социалдык, маданий иденттүүлүктөрдө айырмалануу келип чыкты.

Иденттүүлүк түшүнүгү 1960-70-жылдарда илимий чөйрөдө теориялык жактан жигердүү изилденген. Бүгүнкү күндө да жогоруда аталган шарттар теориялык жана эмпирикалык жактан изилдөөнүн актуалдуулугун жогорулатты. Бул жагдай Кыргызстан сыяктуу полиэтностук мамлекет үчүн өлкө биримдигин, мамлекеттүүлүктү сактоо маселеси менен тыгыз байланыштуу. Инсандын жарандык жана социалдык иденттүүлүк түшүнүктөрү дисциплиналар аралык маселе болгондуктан бул темага социалдык жана гуманитардык багыттардагы атактуу окумуштуулар кайрылышы мыйзам ченемдүү көрүнүш. Өзгөчө социологдордон И. Гофман, Дж. Мид, Ч. Кули, Р. Лэйнг, Т. Лукман, Р. Тернер ж.б. аң-сезим проблемасын инсандын «мен» түшүнүгүнүн негизинде алып карашкан болсо, философтор – Ф.Кессиди, Г.Л. Тульчинский, В. Хесле иденттүүлүк маселесин ааламдашуу процессинин бир жагдайы, тарабы катары баалашкан.

Кыргыздардын жана кыргызстандыктардын иденттүүлүк маселелерине философиялык, социологиялык, саясий, тарыхый, диний, этностук, маданий, тилдик, символикалык жактарына кыргызстандык окумуштуулардан К. Исаев, С. Нурова, А. Асанканов, Ж. Жунушалиев, Ж. Урманбетова, С. Абдрасулов, А. Токтосунова, А. Бугазов, М. Амердинова, Т. Шаршембиева, А. Жусубалиев, Б. Малтабаров, С. Сыргабаев, С. Жунушова Г. Горборукова, А. Аалиева, Б.Кошбакова, А. Үнал, ж.б. өз эмгектеринде кайсы бир деңгээлде кайрылышкан.

Жогоруда белгиленген илимий көйгөйлөрдү, иденттүүлүк маселелерин чет элдик түрдүү өлкөлөрдө окумуштуулардын эмгектеринде ар тараптуу изилденгени менен кыргыз коомундагы иденттүүлүктүн, анын ичинде

жарандык идентүүлүктүн, азыркы учурга чейин жетишерлик изилденбегендиги, айрыкча этностор аралык мамилелердин ушул нукта терең талданбагандыгы диссертациялык илим-изилдөө темасынын «Жарандык иденттүүлүктүн абалы жана келечеги: социологиялык өңүттө» – деп, тандалышына себеп болду.

Кыргыз мамлекетинин тургундарынын жарандык иденттүүлүк түшүнүгү өзгөрүлүп жаткан коомго параллель түрдө алгачкы советтик түшүнүктөн айырмаланып өзгөрүү менен жаңыдан калыптанышы; өзгөрүүгө таасир кылган факторлор, азыркы аралык натыйжалары так изилденүүгө тийиш. Жарандык иденттүүлүктүн көрсөткүчтөрү катары мекенчилдиктин, мамлекеттик тилдин, диндин, адамдардын баалуулуктар иерархиясынын ж.б. бүгүнкү күндөгү кыргыз коомундагы абалын аныктоодо абдан маанилүү.

Кыргыз коомундагы жарандык иденттүүлүктүн абалынын жана келечегинин этностук алкакта биринчи жолу терең, комплекстүү каралып, изилденип жатышы, улут, этнос, социалдык мамилелер, тарыхый эс-тутум, социалдык иденттүүлүк, тилдик иденттүүлүк, диний иденттүүлүк маселелеринин социологиялык өңүттө чечмеленишинин зарылдыгы теманын актуалдуулугун көрсөтөт.

Жарандык идентүүлүктүн маани-маңызын, абалын Кыргызстандагы негизги этностук топтордун мисалында илимий талдоо жана этностук айырмачылыктарын, алардын келечекте өзгөрүү багыттарын аныктоо – диссертациялык изилдөөнүн максаты болуп саналат.

Коюлган максатка жетүү үчүн диссертацияда төмөндөгүдөй милдеттер коюлду:

- иденттүүлүк жана идентешүү түшүнүктөрүн социалдык илимдердин алкагында каралышын талдоо;

- жарандык иденттүүлүк маселесин, анын теориялык негиздерин чет элдик жана кыргызстандык адабияттардын алкагында карап чыгуу жана талдоо;

- өткөөл мезгилдеги жарандык иденттүүлүктүн социалдык-демографиялык, этностук топтордогу абалын, калыптануу жараянын иликтөө;

- өзгөрүлүп жаткан коомдо кыргызстандыктардын жарандык идентүүлүгүндөгү этностук өңүттөрүн талдоо;

- кыргыз коомундагы жарандык иденттүүлүктүн абалынын келечекте өзгөрүү багыттарын аныктоо;

- кыргыз жараны иденттүүлүгүн калыптандырууга багытталган теориялык жана практикалык корутундуларды, сунуштарды иштеп чыгуу.

Диссертациянын методологиялык негизи катары түзүлүштүк-кызматтык парадигма, иденттүүлүк теориясы, ал эми эмпирикалык социологиялык усул катары массалык сурамжылоо колдонулган. Аны менен катар кошумча документтерди талдоо жана байкоо жүргүзүү ыкмалары колдонулду. Изилдөөнүн алгачкы сандык маалыматтары компьютердик SPSS программасында (22 версиясы) кайрадан иштетилип, эсептелген. Тандап алуу квоталык ыкма менен түзүлүп, тандалган жалпылык өзүнө 1200 адамды

камтыган жана анын негизинде изилдөөдө толук репрезентативдүүлүк камсыз болгон.

Диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыктары катары төмөнкүлөрдү белгилөөгө болот. Кыргызстанда жашаган негизги этностордун кыргыз жараны идентүүлүгүнүн маани-маңызы, анын этностук, социалдык-демографиялык топтордогу айырмачылыктары, өзгөрүү тенденциялары, себептери, натыйжалары, ошондой эле кыргызстандыктардын мекенге, мекенчилдикке болгон көз карашынын багыты этностук өңүттө биринчи жолу изилденди.

Диссертацияда жарандык идентүүлүктүн пайда болуу жана өнүгүү багыттары изилденип, кыргызстандыктардын жарандык идентүүлүгүн аныктаган компоненттер боюнча, тактап айтканда, тили, маданияты, мекенчилдик салттары боюнча социологиялык талдоо жүргүзүлдү.

Ааламдашуу шартында кыргызстандыктардын жарандык идентүүлүгүн көрсөткөн факторлор, алардын мамлекеттүүлүктү бекемдөө, калктын биримдигин камсыздоо жана Кыргызстандын келечеги үчүн маанилүүлүгү жана керектүүлүгү кеңири изилдөөгө алынган.

Коргоого чыгарылган негизги жоболор төмөнкүлөр:

- жалпы жарандык идентүүлүк (бирдейлик) жарандык улуттун калыптанышынын өзөгүн түзгөн негизги категория;

- кайсы бир идентүүлүктүн бошоңдошу зарыл түрдө экинчи бир идентүүлүктүн жаралышына, жанданышына өбөлгө болот: советтик идентүүлүктүн бошоңдошу менен этностук таандык сезимдерине негизделген улуттук идентүүлүк күчөдү;

- кыргыз коомунда, муундардын кесилишинде караганда, улуу муундарда жарандык кош идентүүлүк, тактап айтканда, «советтик» жана «улуттук» идентүүлүк сакталса, ал эми жаштарда бир жарандык идентүүлүккө тартылуу орун алып, кыргыз жараны идентүүлүгү калыптанууда;

- кыргыз улутунда идентүүлүктүн аскриптивдик абалы, тубаса идентүүлүк үстөмдүк кылат, б. а., жарандык идентүүлүккө караганда уруулук аң-сезимге негизделген уруулук идентүүлүк басымдуу;

- кыргызстандын башка негизги этностук топторунда жарандык идентүүлүктүн деңгээли төмөн болуп, кош идентүүлүк сакталууда. Т. а., чет жакта мамлекеттүүлүгү болгон этностук топтордо (казак, өзбек, тажик, орус ж.б.), белгилүү деңгээлде, ошол мамлекеттер менен да өздөрүн жарандык идентештирүү калыптанган. Мындай жагдай аларда советтик идентүүлүк менен байланышпаган жаңы кош жарандык идентүүлүктүн формасынын калыптанышына, анын сакталышына шарт түзүүдө. Демек, Кыргызстанда калктын жалпы жарандык идентүүлүгүнүн деңгээли төмөн, бул жарандык улут түшүнүгүнүн, сезимдеринин андагы бардык этносторду камтый электигинен байкалууда;

- Кыргызстанда жалпы жарандык идентүүлүктүн деңгээли төмөн болгондугу мамлекеттин туруктуулугуна түздөн-түз залакасын тийгизип жатат. Демек, жарандык улутту калыптандыруу боюнча мамлекеттик

саясаттын идеологиялык негизин жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу түзүп, 2018-2040 жылдарда КРдин өнүгүшүнүн Улуттук стратегиясында белгиленген Кыргыз жаранын, улуттук биримдикти өнүктүрүү жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу, өз мекени үчүн сыймыктанууну ар тараптуу өнүктүрүү, менен коштолушу керек;

- Кыргызстан элинде учурда жарандык иденттүүлүктүн орчундуу көрсөткүчтөрү болуп саналган мекенчилдик салттарында жана тилде, совет мамлекетинин кыйрашы менен жаралган, кризистик абал сакталууда.

Изилдөө процессинде жеке салымым катары төмөнкүлөрдү белгилегим келет. 2012-2013-жылдары жүргүзүлгөн «Цивилизация шартында түрк дүйнөсүндөгү калктардын социалдык иденттүүлүгү: Кыргызстандын мисалында» аттуу долбоорго (жетекчиси профессор К. Исаев) Кыргызстандын түштүк аймагы боюнча изилдөөлөргө катышып, социологиялык изилдөөнүн бардык баскычтарын, процедураларын сапаттуу ишке ашырууда көмөктөш болдум. Алган тажырыйбаларымды колдонуу менен 2016-жылы диссертациялык илимий изилдөө темам боюнча массалык сурамжылоо түрүндө өздүк социологиялык изилдөөнү өткөрдүм. Сурамжылоодон топтолгон материалдар компьютердик статистикалык программанын жардамы менен кайрадан иштетилип, андан алынган алгачкы сандык маалыматтар эмпирикалык, теориялык деңгээлдерде талданып, натыйжалары бир нече илимий конференцияларда апробацияланган. Кыргызстандагы жалпы жарандык иденттүүлүк боюнча этностор аралык теориялык маалыматтар топтолуп, талдоого алынуу менен, илимий-практикалык сунуштар берилди.

Диссертациялык изилдөөнүн натыйжалары төмөнкүчө апробацияланды.

1. «Сулайман-Тоо – символ мира и согласия» (Ош ш., 1-3-октябрь, 2014);
2. "Коомдун социалдык биримдиги өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүшүнүн платформасы катары" Эл аралык илимий-практикалык конференция аттуу «(Бишкек, К. Карасаева атындагы БГУ, 23-24-апрель,2015-жыл);
3. IV Евразия коомдук илимдер форуму (Бишкек ш., 21-22-апрель, 2016);
4. Сибирский социологический форум (с международным участием) «Социальные практики и управление: проблемное поле социологии» (Новосибирск, НГУЭУ, 24 ноября 2017 года);
5. Кыргызстан социологдорунун VIII республикалык конгресси "Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн өнүгүү жолу жана социология" (Ысык-Көл облусу, Бостери а., 19-август, 2017-ж.);
6. **Эл аралык Борбордук Азия симпозиуму "Миграция, жакырчылык жана иденттүүлүк" (**Бишкек, 17-20 апрель 2018 - жыл) ж.б.

Изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча жалпы 8 макала жарык көргөн. Алардын ичинен 6 илимий макала республикалык, 2 макала чет элдик басылмаларда жарыяланган.

Диссертация киришүүдөн, он бөлүктү камтыган үч баптан, корутундудан, колдонулган адабияттардын тизмесинен жана тиркемелерден турат.

Урматтуу жыйындын катышуучулары, сиздердин талкууңуздарга сунушталган "Жарандык иденттүүлүктүн абалы жана келечеги: социологиялык өңүттө" аттуу кандидаттык диссертациялык ишим тууралуу кыскача баяндамам соңуна чыкты. Суроонуздар болсо берсеңиздер .

***Төрага:*** **-** Суроолоруңуздар барбы?

***Итигулова Ж.К.*** – филос.и.к., доцент: - Сурамжылоого кимдер катышты, кайсы кесиптин ээлери активдүүлүгүн көргөздү, жалпысынан изилдөөнүн репрезентативдүүлүгү боюнча маалымат берсеңиз?

***Камчибекова С.М. – изденүүчү:*** - Изилдөөнүн репрезентативдүүлүгү калктын негизги социалдык-демографиялык көрсөткүчтөрүнүн тандалган жалпылыкта пропорционалдуу чагылдырылышы жана сандык көрсөткүчү Паниоттонун 5%га чейинки ката мүмкүн болгон репрезентативдүүлүк таблицасына ылайык камсыз болгон. Мисалы, тандалган жалпылык изилдөөгө кирген КРдин аймактарынын административдик бөлүнүшүнө жараша жынысы, жаш өзгөчөлүгү, этностук өзгөчөлүгү, жашаган жери (шаар, айыл) боюнча атайын прикладдык социологиялык изилдөө процедуралардын негизинде, репрезентативдүүлүктү камсыз кылуу менен түзүлгөн. Ошондой эле, изилденген райондордун ар бир айыл аймагынын калкынын санына жараша пропорциялуу тандоо камсыз кылынган. Андан тышкары, жыйналган маалыматтарды талдоо жүргүзүүдө респонденттердин билим деңгээли, үй-бүлөлүк абалы, экономикалык абалы, эмне иш менен алектенгени сыяктуу көрсөткүчтөр колдонулган.

***Акматов Ө.С. – филос.и.к., доцент:*** - Изилдөөңүздүн объектиси тууралуу маалымат берсеңиз?

***Камчибекова С.М. – изденүүчү:*** **-** Ош шаарынын жана Ош, Жалал-Абад областтарынын айыл аймактарында жашаган Кыргызстандын 16 жаштан жогорку тургундары изилдөөнүн объектиси катары аныкталган.

***Кочкорова Д.А. – филос.и.к., доцент:*** - Н. Лукман менен П. Бергердин социалдык иденттүүлүктү калыптандыруу схемасына Сиздин пикириңиз кандай жана Сиздин изилдөөңүздүн канчалык практикалык мааниси бар?

***Камчибекова С.М. – изденүүчү:*** - Н. Лукман менен П. Бергердин социалдык иденттүүлүктү калыптандыруу боюнча схемасын мен изилдөө ишимде карап, аны колдонгонмун. Символикалык интеракционизмдин сөздүгүндө "иденттүүлүк" термини эң алгач 1960-жылдары И. Гофмандын жана П. Бергердин эмгектеринин аркасында орун алган. И. Гофман "Стигма" аттуу эмгегинде "өздүк" термининин ордуна "иденттүүлүк" терминин колдонгон. Ошол эле учурда П. Бергер "Приглашение в социологию" аттуу китебинде иденттүүлүк түшүнүгүнүн ролдук теориялардын, референттик топтордун теорияларынын, социалдык драматургиянын жана феноменологиялык социологиянын контексттериндеги маалыматчылдык мүмкүнчүлүктөрүн көрсөткөн.

Н. Лукмандын эмгектеринен да социалдык системалардын өзүн-өзү уюштуруусуна арналган, системалардын өзүнө-өзү окшоштукка ээ болуу механизмдери жөнүндө жалпыланган пикирлерди табууга болот. Ал, алардын ар биринин типологиялык таандыктыгынан көз карандысыз эле, жашоого жөндөмдүүлүгүн сактоо үчүн, курчап турган чөйрө менен дал келүүчүлүгү жана өзүн-өзү рефлексиялоосу абдан зарыл экендигин баса белгилеген. Мындай механизмдин аракети өзүн-өзү окшоштуруу катарында чөйрөгө болгон мамилесин айырмалоону камсыздайт. Дал ушундай эле, "Мен" иденттүүлүк да ар бир өзүн-өзү сунуштоодо өздүк ички түрткүнүн негизинде сыртка чагылдырылат.

***Эшеналиева Д.Т. – окутуучу:*** -Кыргыздардын социалдык, маданий жана жарандык иденттүүлүктөрүнүн толук калыптанбай жаткандыгынын негизги себептери эмнеде деп жыйынтыкка келдиңиз?

***Камчибекова С.М. – изденүүчү:*** -Диссертациялык изилдөөнүн негизинде Кыргыздардын социалдык, маданий жана жарандык иденттүүлүктөрүнүн толук калыптанбай жаткандыгынын негизги себептери катары төмөнкүлөрдү кыскача айтууга болот: *биринчиден,* советтик иденттүүлүктүн улуу муундарга таасиринин сакталышы; *экинчиден,* кош иденттүүлүктүн болушу; *үчүнчүдөн,* заманбап кыргыз коомунун жарандык иденттүүлүгүнө азаттыктын алгачкы жылдарында таптакыр көңүл бурулбай калгандыгында; *төртүнчүдөн,* иденттүүлүктөрдүн кагылышы; *бешинчиден,* таасирдүү жарандык иденттүүлүк идеологиясынын жоктугу, натыйжада эски иденттүүлүктү жээрүү, жаңы иденттүүлүктү кабыл албоо; *алтынчыдан,* ааламдашуунун таасири жана жаштардын ааламдашуу таңуулаган батыштык иденттүүлүккө багыт алышы ж.б.

***Төрага:*** -Урматтуу коллегалар, эгерде суроолор жок болсо талкуулоого өтүүнү сунуштайм.

***Чыгып сүйлөгөндөр:***

***Шарипова Э.К. – филос.и.д., профессор:*** Диссертация бүгүнкү кыргыз коомундагы актуалдуу теманы иликтөөгө багытталган иш экени талашсыз. Анткени, бул тема бүгүнкү күндөгү негизги маселелерден. Диссертациянын мазмуну менен структурасы дал келет. Изилдөөдө көрсөтүлгөндөй, социологиялык сурамжылоо реалдуу турмуштук мүнөздү камтыйт. Ошондуктан, ал прагматикалык маңызга ээ. Негизинен грамматикалык мүчүлүштүктөр кездешет. Бирок, андай мүчүлүштүктөр диссертациянын деңгээлин түшүрбөйт. Ошондуктан ишти коргоого сунуштайм.

***Акматов Ө.С. – филос.и.к., доцент:*** -Изденүүчү С.М. Камчибекова бул эмгектин үстүнөн узак убакыттан бери иштеп жаткандыгы тууралуу маалыматым бар. Эмгекте анкеталык изилдөөнүн негизинде алынган сандарды, темага байланыштуу статистикалык маалыматтарды сүйлөтүүгө жетишкен. Менин оюмча, бул абдан оор жумуш. Негизинен, эмгекте социологиялык материалдар илимий айлампага киргизилген. Илимий терминдер өз ордунда ыктуу колдонулуп, жогорку теориялык деңгээлде пайдаланылган. Философиялык детерминизм принциби сакталган. Изденүүчү тарабынан концептуалдуу талдоолор жүргүзүлүп, негиздүү тиешелүү

жыйынтыктар чыгарылган. Айрым стилистикалык, грамматикалык кетирилген мүчүлүштүктөр диссертациянын беделин, баалуулугун түшүрбөйт. Изилдөөнүн масштабдуулугу, концептуалдуу талдоо деңгээли жана баалуулугу диссертациялык талаптарга жооп бере алат. Камчибекова Саипжамалга Молдошовнага ийгилик каалайм жана анын эмгегин коргоого сунуштайм.

***Исаков К.А. – филос.и.д., профессор:*** - Диссертация бүгүнкү кыргыз коомундагы актуалдуу иликтөөгө багытталган иш экени талашсыз. Анткени, учурда жарандык идентүүлүк маселеси негизги маселелерден болуп, кыргыз коомун прогрессивдүү өнүктүрүүдө маанилүү роль ойнойт. Мени өзгөчө тиркемелерде сунушталган материалдар ынандырып олтурат. Талдоодо берилген илимдер аралык байланыштар: социологиялык, культурологиялык, саясаттаануучулук өңүттөр – философиялык жалпылоолор аркылуу жеткиликтүү жыйынтыкталган. Колдонулган адабияттарды алфавиттик системада иретке келтирүү керек. Жогорку окуу жайында эмгектенген ар бир жаран эң алгач илимге салымын кошуусу зарыл деп эсептейм. Ошондуктан С.М. Камчибекованын эмгеги колдоого алаарлык чоң жумуш. Негизинен, жогоруда айтылган пикирлерге кошулам жана коргоого сунуштаймын.

***Меңдибаев Н. – соц.и.д., профессор:*** Урматтуу жолдоштор, мен Камчибекова Саипжамалдын кандидаттык диссертациясын кеңири карап чыктым. Албетте, илимий эмгек учурдун эң актуалдуу темасы. Эмгек социологиялык материалдарга бай, илимий жыйынтыктары жетиштүү. Социологиялык сурамжылоолор талаптарга ылайык жүргүзүлгөн. Көлөмдүк жана структуралык түзүлүшү мазмунга ылайык куралган. Ар бир параграф өзүнчө мазмунга, тыянактарга жана натыйжаларга ээ. Ошону менен бирге эле айрым сунуштарды айтып өтүүгө туура келет. Мисалы, изилдөөдө кээ бир маалыматтарды толуктаса болот. Ата-мекендик окумуштуулардын эмгектерине дагы да тереңирээк токтолсо максатка ылайыктуу. Мага, түзүлгөн таблицалар, диаграммалар абдан жакты, бирок, таблицасын иреттештирүүнү сунуштаймын. Андагы сандар жана ага карата чыгарылган пайыздар жакшы каралып чыккан. Бул чоң эмгек менен жазылган иш. Ошондуктан, сын пикирлерди эске алуу менен коргоого сунуш кылам жана ийгилик каалаймын.

***Дыйканова Ш.А. тар.и.к., доцент:*** - Диссертация бүгүнкү кыргыз коомундагы актуалдуу иликтөөгө багытталган иш экени талашсыз.. Бул таризде диссертант ар тараптан колдоого татыктуу. Кээ бир техникалык, стилистикалык каталар бар, бирок бул мүчүлүштүктөр илимий иштин деңгээлин төмөндөтпөйт. Негизинен, коргоого сунуштаймын. Илимий ишине ийгилик каалаймын.

***Кочкорова Д.А. – филос.и.к., доцент:*** - Урматтуу коллегалар, мен Камчибекова Саипжамалдын кандидаттык диссертациясын окуп чыгып, төмөнкүлөрдү белгилегим келет. Тандап алынган тема учурдун жана келечектин актуалдуу маселелеринен. Айрыкча, бул эмгектин кыргыз тилинде жазылгандыгы абдан жакты. Анткени кыргыз тилиндеги эмгектер жетишсиз экендиги баарыбызга маалым. Диссертацияда белгиленгендей,

кыргыз коомундагы жарандык көйгөйлөрдүн баары камтылыптыр. Социологиялык иликтөөдөн келип чыккан натыйжалар ынандырарлык. Менин сунушум, ар бир параграфтын соңунда кийинки параграфты шарттай турган логикалык кайрыктарды пайдаланса жакшы болмок. Диссертациянын структурасына көңүл бөлсөк, үч бап, анын ичинде он параграф доктордук диссертациянын көлөмүнө жакындашкандай болуп турат. Диссертациянын 104-бетине чейин абдан көңүл бөлүнүп, калган бөлүгүндө андай активдүүлүк байкалбай калгансыйт. Пунктуациялык каталар менен иштөө максатка ылайык. Анткени, бир үтүр же чекит да сүйлөмдүн маанисин өзгөртүп жибериши мүмкүн. Негизинен изилдөө диссертациялык талаптарга жооп берет. Коргоого сунуш кылам.

***Түмөнбаева – соц.и.к., доцент:*** - Урматтуу отурумдун катышуучулары, мен Камчибекова Саипжамалдын кандидаттык диссертациясына баа берүүдө жогоруда белгиленген баалуулуктар менен сунуштарга кошулам. Социологиялык иликтөөлөр талапка ылайык так жана аргументтүү жүргүзүлгөндүгү байкалып турат. Сурамжылоонун бардык усулдары менен технологиялары колдонулганы көрүнүп турат. Диаграммалары да айкын берилген. Келип чыккан натыйжалар ынандырарлык. Негизинен бул абдан чоң эмгек. Ошондуктан, коргоого сунуштайм жана ийгилик каалаймын.

***Маткаримов Н. – соц.и.к., доцент:*** Мен диссертацияны карап чыгып, илимий эмгек учурдун актуалдуу темасы экендигин белгилегим келет. Эмгек социологиялык материалдарга бай, илимий жыйынтыктары жетиштүү. Ошону менен бирге эле айрым сунуштарды айтып өткүм келет. Изилдөөдө кээ бир маалыматтар толуктоону талап кылат. Мисалы, диссертацияда ата-мекендик окумуштуулар деп автор өзү белгилеген. Ошого жараша алардын эмгектерине тереңирээк токтолсо деген Нурат Меңдибаевичтин жогоруда айтылган пикирине кошулам. Мага, түзүлгөн таблицалар, диаграммалар абдан жакты, бирок, таблицасын иреттештирүүнү сунуштаймын. Андагы сандар жана ага карата чыгарылган пайыздар жакшы каралып чыккан. Бул чоң эмгек менен жазылган. Ошондуктан, сын пикирлерди эске алуу менен коргоого сунуш кылам.

***Токоева Г.А. – филос.и.к., доцент:*** - Урматтуу жолдоштор, мен Камчибекова Саипжамалдын кандидаттык диссертациясын учурдагы ааламдашуу шартында абдан актуалдуу деп эсептеймин. Жогоруда белгиленген жетишкендиктер менен сунуштарга кошулам. Анализ-синтез – жеткиликтүү жүргүзүлгөн. Негизинен эмгек жогорку илимий деңгээлде жазылган жана аны коргоого сунуштаймын.

***Аматова Г.У – филос.и.к., доцент:*** - Урматтуу кесиптештер, мен изденүүчү Камчибекова Саипжамалдын кандидаттык диссертациясын учурдун көйгөйлүү маселелерин козгогон эмгек экендигине ынандым. Илимий эмгек коомубуздун жарандык мамилелерин өнүктүрүүдө маанилүү салым кошот деп эсептеймин. Изилдөөдө илимийлүүлүк, детерминанттык принциптер сакталган. Эмгек прагматикалуу экендиги көрүнүп турат. Пунктуациялык жана стилистикалык мүчүлүштүктөрдү карап чыгуу менен

диссертацияны коргоого сунуштайм жана авторго илимий ийгиликтерди каалайм.

***Матаев К.А. – филос.и.к., доцент:*** - Урматтуу жолдоштор, мен Саипжамал Молдошовнанын кандидаттык диссертациясын окуп чыгып төмөнкүлөргө токтолмокчумун. Учурда жарандык идентүүлүк маселеси негизги маселелерден болуп, кыргыз коомун жарандык өнүктүрүүдө маанилүү роль ойнойт. Бул мамлекеттик программалык документтерде да белгиленүүдө. Мени өзгөчө тиркемелерде сунушталган материалдар кызыктырды. Талдоодо берилген илимдер аралык байланыштар: философиялык жалпылоолор аркылуу жеткиликтүү жыйынтыкталган. Диссертацияда анкеталык изилдөө терең каралган. Жогоруда айтылгандай, колдонулган адабияттарды алфавиттик негизде иретке келтирүү керек. Диссертациянын баалуулугу жогору. Ошондуктан С.М. Камчибекованын эмгеги колдоого аларлык чоң жумуш. Негизинен, коргоого сунуштаймын.

***Рустамова Д.А. – соц.и.к., доцент:*** -Урматтуу кесиптештер, мен Камчибекова Саипжамалдын кандидаттык диссертациясы тууралуу төмөнкүлөрдү белгилемекчимин. Диссертациянын структурасы логикалык байланышта жакшы түзүлгөн. Изилдөө темасы боюнча социологиялык сурамжылоо жүргүзүлүп, чоң эмгек жасалган. Бул тема боюнча атайын изилдөөлөр, өзгөчө Кыргызстандын түшүк аймагындагы Ош шаарында, Ош жана Жалал-Абад областтарынын айылдарында, жашаган тургундары аныкталыптыр. Илимге киргизилип жаткан материалдары жаңы жана эмгектин практикалык мааниси да чоң. Ошондуктан, ийгилик каалайм жана коргоого сунуштайм.

***Турдубаева Э. – соц.и.к., доцент:*** -Урматтуу коллегалар, Камчибекова Саипжамал Молдошовнанын кандидаттык диссертациясы актуалдуу. Ушул мезгилге чейин бул багытта атайын изилдөөлөр сейрек кездешет. Тема учурдун талабына жооп берет. Социологиялык иликтөөлөр талапка ылайык жүргүзүлгөндүгү байкалып турат. Жарандык иденттүүлүк багытында анкеталык сурамжылоонун бардык усулдары менен технологиялары колдонулганы көрүнүп турат. Диаграммалары да айкын берилген. Бирок, дагы да айкыныраак жасоого аракеттенишиңизди каалар элем. Келип чыккан натыйжалар ынандырарлык. Негизинен бул абдан чоң эмгек. Ошондуктан, коргоого сунуштайм жана Саипжамал Молдошовнага ийгилик каалаймын.

***Раимбердиева А.А., улук окутуучу:*** – Урматтуу коллегалар, илимий эмгек учурдун актуалдуу маселеси, бүгүнкү күнгө чейин бул багытта тереңдетилип изилденген эмес. Ош облусу боюнча талаа изилдөөлөрүнө мен да катышып калганмын жана сурамжылоо учурунда изденүүчүнүн канча кыйынчылыктарды, тоскоолдуктарды жеңгенинен кабарым бар. Диссертация максатка ылайыктуу. Автордун чыгармачыл иш-аракеттери байкалып турат жана талапка жооп берет деп эсептеймин. Диссертацияны коргоого сунуштаймын жана илимий ишине ийгилик каалаймын.

***Төрага:*** – Урматтуу коллегалар, буга чейинки чыгып сүйлөгөндөрдүн пикирлерин эске алып, мен жыйындын талкуусун токтотуп, жыйынтыктоону сунуштаймын. Изденүүчү Камчибекова Саипжамал Молдошнанын

"Жарандык иденттүүлүктүн абалы жана келечеги: социологиялык өңүттө" аттуу 22.00.04. – "Социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер" адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган кандидаттык диссертациясын А.Алтымышбаев атындагы Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын философия, укук жана коомдук саясий изилдөө институту, Ж.Баласагын атындагы кыргыз улуттук университети Д.23.20.611 диссертациялык кеңешине сунуштоону колго саламын.

Макул – "25";
каршы – " жок";
калыс – "жок".

Сунуш бир добуштан кабыл алынды.

Жыйында негизинен күн тартибине коюлган изденүүчү Камчибекова Саипжамал Молдошовнанын "Жарандык иденттүүлүктүн абалы жана келечеги: социологиялык өңүттө" аттуу кандидаттык диссертациясы А.Алтымышбаев атындагы Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын философия, укук жана коомдук саясий изилдөө институту, Ж.Баласагын атындагы кыргыз улуттук университети Д.23.20.611. диссертациялык кеңешине сунуштоо маселеси кеңири талкууга алынды. Чыгып сүйлөгөн жолдоштордун сунуштарын эске алып, жыйын колго салуунун негизинде төмөнкүдөй токтом кылат.

## *ТОКТОМ:*

1. ОшМУнун юридика факультетинин "социалдык иштер" кафедрасынын изденүүчүсү Камчибекова Саипжамал Молдошовнанын 22.00.04. – "Социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер" адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган "Жарандык иденттүүлүктүн абалы жана келечеги: социологиялык өнүттө" аттуу кандидаттык диссертациясы коргоого сунушталсын.
2. Коргоого сунушталган изденүүчү Камчибекова Саипжамал Молошовнанын 22.00.04. – "Социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер" адистиги багытындагы социология илимдеринин кандидаты илимий даражасын алуу үчүн жазылган "Жарандык иденттүүлүктүн абалы жана келечеги: социологиялык өнүттө" аттуу кандидаттык диссертациясын кабыл алуу жагы А.Алтымышбаев атындагы Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын философия, укук жана коомдук саясий изилдөө институту, Ж.Баласагын атындагы

кыргыз улуттук университети (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д.23.20.611 диссертациялык кеңешинен суралсын.

***Кеңейтилген жыйындын төрагасы,***
***философия илимдеринин кандидаты, доцент:*** ***Курбанбаев К.А.***

***Жыйындын катчысы:*** ***Ысманова Г.С***

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

Ош МУ
Тастыктаймын
20____ж. «_____»__________
Кадрлар бөлүмүнүн башчысы Турдубаева Г.